**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАҢЫ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН**
**№1 ПРОТОКОЛУ**

**Бишкек шаары** **29.09.2025-ж.**

**Кеңеш өткөрүлүүчү жер: №313 каб., убактысы: 13:00.**

**Катышкандар:**

1. ОК төрагасы: Керимов У.Т. – ЖМТИнин директору, т.и.к., доц.м.а.;
2. ОК катчысы: Сейтказиева Н.С. – ЖМТИ ОКБББнын башчысы;
3. ОК мүчөлөрү: Ачекеев К.С. – директордун орун басары; доц.м.а. Эсенгулов У.А. - ББМТ кафедрасынын башчысы; ф-м.и.д., проф. Бийбосунов Б.И. – Колдонмо информатика кафедрасынын башчысы, окутуучу Досманова А.Р. – ЖМТИнин ГТМДнын бөлүмүнүн башчысы, т.и.к., доцент Юсупов К.М. - ОК төрагасынын орун басары, Садырова М.Р.– ЖМТИнин кесиптик бирлигинин төрайымы, п.и.к. доцент Султанбаева Г.С.- окуу-методкалык кеңешинин төрайымы, магистр-окутуучу Ниязбеков Т.К.- тарбия иштери боюнча координатору, студенттик парламенттин мүчөсү.

**Төрага:** Керимов У.Т.

**Окумуштуу катчы:** Сейтказиева Н.С.

**Күн тартиби:**
**1. Институттун Окумуштуулар кеңешинин иш планын, кеңештин мүчөлөрүнүн курамын бекитүү** (ЖМТИнин директору Керимов У.Т.)

**УГУЛДУ:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору У.Т.Керимов: - ЖМТИнин окумуштуулар кеңешинин курамына төмөнкү тизмедеги профессордук окутуучулар курамын бекитүүгө сунуштайм.
2025-2026 окуу жылы үчүн Окумуштуулар кеңешинин иш планын жалпы профессордук окутуучулар курамына тааныштырды жана бекитүүгө сунуштады.
**Сөз сүйлөдү:** проф. Б.И.Бийбосунов - ЖМТИнин окумуштуулар кеңешинин курамы жана Окумуштуулар кеңешинин иш планы менен таанышып чыгып, бекитүүгө сунуштайм.

**И. Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин иш планы жана кеңештин мүчөлөрүнүн курамы бекитилсин.

**2. ОМК, илимий, тарбия иштеринин иш планын бекитүү.**

**УГУЛДУ:**
Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору Керимов У.Т.: - 2025-2026 окуу жылы үчүн ЖМТИнин окуу-методикалык кеңешинин иш планын, илимий иштердин иш планын жана тарбия иштердин иш планын бекитүүгө кафедра жана бөлүм башчыларынан сунуш түштү, төмөнкү иш пландарын карап чыгып бекитүүгө сунуштайм.

**Сөз сүйлөдү:** Сейтказиева Н.С. – ЖМТИ ОКБББнын башчысы - 2025-2026 окуу жылы үчүн ЖМТИнин ОКББ бөлүмүнүн педагогикалык кеңешинин иш планы, тарбия иштердин иш планы иштелип чыкты, окутуучулардын окуу методикалык комплекстери жаңыланып, толукталды, бекитүүгө сунуштайм.

**Сөз сүйлөдү:** директордун окуу иштери боюнча орун басары К.С.Ачекеев - 2025-2026 окуу жылы үчүн ЖМТИнин окуу-методикалык кеңешинин иш планын, илимий иштердин иш планын жана тарбия иштердин иш планын бекитүүгө сунуштайм.

**И. Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2025-2026 окуу жылы үчүн ЖМТИнин окуу-методикалык кеңешинин иш планы, илимий иштердин иш планы жана тарбия иштердин иш пландары бекитилсин.

**3. Кафедранын, ОКББ бөлүмүнүн 2025-2026-окуу жылы үчүн иш планын бекитүү.**

**УГУЛДУ:**

1. Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун «Колдонмо информатика» кафедрасынын башчысы, проф. Б.И.Бийбосунов: - 2025-2026 окуу жылы үчүн кафедранын иш планын карап чыгып бекитүүгө сунуштайм.
2. ЖМТИнин Билим берүүдөгү маалыматтар технологиялар кафедрасынын башчысы, доц.м.а. Эсенгулов У.А.: - 2025-2026 окуу жылы үчүн кафедранын иш планын карап чыгып бекитүүгө сунуштайм.
3. ЖМТИнин ОКББ бөлүмүнүн башчысы Н.С.Сейтказиева - 2025-2026 окуу жылы үчүн бөлүмдүн иш планын карап чыгып бекитүүгө сунуштайм.
4. ЖМТИнин ГжТМД бөлүмүнүн башчысы, окутуучу Досманова А.Р. - 2025-2026 окуу жылы үчүн бөлүмдүн иш планын карап чыгып бекитүүгө сунуштайм.

**Сөз сүйлөдү:** т.и.к., доц. К.М. Юсупов - 2025-2026 окуу жылы үчүн ЖМТИнин кафедраларынын жана ОКББ бөлүмдөрүнүн иш пландарын карап чыгып, бекитүүгө сунуштайм.

**И. Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2025-2026 окуу жылы үчүн ЖМТИнин кафедраларынын жана ОКББ бөлүмдөрүнүн иш пландары бекитилсин.

**4.Ар түрдүү маселелер.**

**4.1.Аспиранттардын, докторанттардын жана изденип алуучулардын диссертациялык темаларын, алардын илимий жетекчилерин бекитүү тууралуу жөнүндө.**

**Угулду**:

ОКнын төрагасы, т.и.к., доц.м.а. Керимов У.Т. күн тартибиндеги ар түрдүү маселелер боюнча маалымат берди.

ЖМТИнин ОКнын төрагасы, т.и.к., доц.м.а. У.Т. Керимов: урматтуу, окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү, Ишенбай Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун окутуучусу Мусаева Бегимай Майрамбековнанын кандидаттык диссертациясынын төмөнкү темасы бекитүүгө сунушталды.

**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ишенбай Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун окутуучусу Мусаева Бегимай Майрамбековнанын кандидаттык диссертациясынын төмөнкү темасы бекитилсин: "Аналитические методы исследования краевой задачи с регуляризатором" "Регуляризаторлуу чектик маселелерди изилдөөнүн аналитикалык методу", адистиктин шифры: 01.01.02-дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдуу башкаруу, 05.13.16-эсептөөчү техникалар, математикалык моделдештирүү жана математикалык методдордун илимий изилдөөлөрдөгү колдонулуштары (илимдик тармактар боюнча).

2. Илимий жетекчини бекитүү: Физика-математика илимдеринин доктору Алымбаев Асангул Темиркуловичти бекитип берүү И.Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

**4.2. Стипендия боюнча комиссияны түзүү (курамын бекитүү) жөнүндө**

**Угулду**:

ОКнын төрагасы, т.и.к., доц.м.а. У.Т. Керимов күн тартибиндеги ар түрдүү маселелер боюнча маалымат берди.

ЖМТИнин ОКнын төрагасы, т.и.к., доц.м.а. У.Т. Керимов: урматтуу, окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү, 2025-2026-окуу жылына стипендия боюнча комиссиянын төмөнкү составын бекитүүгө сунушталды.

**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Стипендиялар боюнча комиссия, стипендияларды дайындоо жана төлөө менен байланышкан маселелерди ченемдик укуктук актыларга ылайык кароого милдеттүү.
2. Стипендия боюнча комиссиянын төмөнкү мүчөлөрүн бекитип берүү И.Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын:

Комиссиянын төрагасы:

- т.и.к., доц.м.а. У.Т. Керимов;

Комиссиянын мүчөлөрү:

- Ачекеев К.С. – директордун орун басары;
- ф-м.и.д., проф. Бийбосунов Б.И. – Колдонмо информатика кафедрасынын башчысы;
- доц.м.а. Эсенгулов У.А. - ББМТ кафедрасынын башчысы;
- Садырова М.Р.– ЖМТИнин кесиптик бирлигинин төрайымы.

**ЖМТИнин окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**

**т.и.к., доц.м.а.:** **Керимов У.Т.**

**ЖМТИнин окумуштуу катчысы:** **Сейтказиева Н.С.**